# «МегаЖардамчы» мобилдик колдонмосун колдонуудагы купуялуулук саясаты

## 1. Жеке маалымат

«Альфа Телеком» ЖАК (мындан ары Компания), бул мобилдик колдонмону абонентке колдонууга тартуулоо менен колдонуучунун мобилдик түзмөгүнөн эч кандай жеке маалыматты чогултпайт.
Үчүнчү жактардын номурларын камтыган колдонуучунун мобилдик түзмөгүнөн келип түшкөн бардык SMS жана USSD буйруулар артыкча абонентке кызмат көрсөтүү максатында жана колдонуучунун так көрсөтүүсү боюнча иштелип чыгат.
Электрондук почта аркылуу бизге пикириңизди же сурооңузду жөнөткөнүңүздө, биз сиздин электрондук почтаңыздын дарегин көрө алабыз жана аны жоопту жөнөтүүдө колдоно алабыз.

## 2. Жеке маалыматты жарыка чыгаруу

Мобилдик колдонмону колдонуунун натыйжасында алынган жеке маалыматты биз үчүнчү тараптарга бербейбиз.

## 3. Мобилдик колдонмону толугу менен колдонуу үчүн абоненттен керектүү уруксаттар.

SMS – абоненттин кызматтарын башкаруу максатында жана анын катышуусунда колдонмо SMS билдирүүлөрдү жөнөтүүнү ишке ашырат.
Контактылар – мобилдик түзмөктөгү контактыларды издөө жана көрүү абоненттин номурларын кызматтарды башкарууга ылайыкташтыруу максатында ишке ашырылат.
Телефон – телефондук чалууларды аткаруу кызматтарды башкаруудагы USSD буйрууларды аткаруу үчүн керектелет.
Эс тутуму – түзмөктөгү маалыматты көрүү, өзгөртүү жана өчүрүү Компаниянын кызматтары боюнча маалыматты сактоо үчүн керектелет.
Интернет – мобилдик колдонмого Интернет тармагына жеткини жана түйүнгө кошууларды көрүү Компаниянын кызматтары жана жаңылыктары тууралуу актуалдуу маалыматты алуу үчүн керектелет.
Абонент «МегаЖардамчы» колдонмосуна жетки берүү менен купуялуулук саясаты жана MegaCom компаниясынын кызматтарды көрсөтүү боюнча башка шарттары менен тааныш экендигин тастыктайт.
Бул саясатта сүрөттөлбөгөн, кызматтарды көрсөтүү шарттары, Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына жана байланыш кызматтарын көрсөтүү тууралуу келишимине ылайык аныкталат.